# Арыз-жеке маалыматтарды (жеке мүнөздөгү маалыматты) иштеп чыгууга макулдук

Кыргыз Республикасынын Санарип кодексине ылайык банктык кызматтарды алуу максатында “Кыргыз инвестициялык-кредит банкы” ЖАКка ИСН 01901200110066, Бишкек ш., Эркиндик бул., 21, тел. 0312620101, (мындан ары – Банк) менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга (анын ичинде менин атымдан жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык иш алып барган ар кандай үчүнчү жактардан алууга), ошондой эле төмөнкүлөргө баамдап түшүнүп жана эркин макулдугумду берем:

- менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңыртуу, өзгөртүү), топтоо, бөгөттөө, жок кылуу);
- менин жеке маалыматтарымды жеке мүнөздөгү маалыматтар чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерге ылайык үчүнчү жактарга берүүгө;
- менин жеке маалыматтарымды башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган үчүнчү жактарга чек ара аралык берүүгө;
- андан ары иштеп чыгуу (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңыртуу, өзгөртүү), топтоо) менин жеке маалыматтарымды “Кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык кредиттик бюролорго/бюролордон алууга үчүн;
- Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан жеке маалыматтарды алууга;
- менин жеке маалыматтарымды (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңыртуу, өзгөртүү), топтоо), салыктык жашыруун сырды түзгөн маалыматтарды иштеп чыгууга;
- менин жеке маалыматтарымды жана банктык жашыруун сырды түзгөн маалыматтарды берүүгө жана иштеп чыгууга (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңыртуу, өзгөртүү), топтоо).

банктык кызматтарды алуу, келишимдерди аткаруу жана Банктын сервистерди, кредитти тейлөө жана карызды чогултуу боюнча функцияларды ишке ашыруусу, ошондой эле Банк жана/же анын өнөктөштөрү тарабынан жаңы продукттарды жана кызматтарды иштеп чыгуу, Банк үчүн белгилүү бир иштерди аткарган сервистер тарабынан юридикалык, бухгалтердик же башка консультациялык же өкүлчүлүк кызматтарды көрсөтүү максатында зарыл же керек болгон, менин жеке маалыматтарыма же кредит боюнча маалыматтарга карата ар кандай аракеттерди жасоого, анын ичинде, бирок чектелбестен: жеке маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу, топтоо, сактоо, тактоо (жаңыртуу, өзгөртүү), пайдалануу, жайылтуу (анын ичинде өткөрүп берүү), ээсиздендирүү, бөгөттөө, жок кылуу, чек ара аралык берүү, ошондой эле жеке мүнөздөгү маалымат чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жоболорун эске алуу менен жеке маалыматтар менен ар кандай башка аракеттерди жасоого.

Төмөнкү жеке маалыматтардын тизмесине жана алардын өзгөрүшү жөнүндө маалыматка ылайык: фамилиясы, аты, атасынын аты; туулган күнү; жарандыгы; улуту; жынысы; өздүгүн тастыктаган документтин түрү жана номери, берилген күнү жана берген орган; ИСН; жашаган жеринин дареги – иш жүзүндөгү; катталган жеринин дареги; Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунан алынган маалымат; кыймылдуу/кыймылсыз мүлкүнүн бар экендиги жөнүндө маалымат; салык төлөөчүнүн реквизиттери (салык төлөөчүнүн аталышы же фамилиясы, аты жана атасынын аты), ошондой эле идентификациялык салык төлөөчүнүн номери; салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карызынын бар/жок экендиги жөнүндө маалымат, салык төлөөчү тарабынан таанылган салыктык карыздын суммасы; салык төлөөчүнүн мурда алынган жана колдонуудагы бардык патенттери; мамлекеттик фискалдык саясатты ишке ашыруу, калкты каттоо жана жарандык абалдын актыларын, автотранспорт каражаттарын, кыймылсыз мүлктү каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардан жана уюмдардан алынган маалыматтар.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу мөөнөттү чектебестен, ар кандай мыйзамдуу ыкма менен, анын ичинде автоматташтыруу каражаттарын колдонуу менен же мындай каражаттарды колдонбостон, жеке маалыматтардын маалыматтык системаларында жүргүзүлөт. Улуту жөнүндө маалыматтар максаттуу эмес опциялык параметрлер болуп саналат жана Банк тарабынан кардардын маалыматтарын колдонууда, актуалдаштырууда мамлекеттик кызматтар тарабынан Банкка берилген кошумча ашыкча маалымат катары сакталат.

Мен төмөнкүлөр менен тааныштым:

1) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук ушул макулдукка кол коюлган күндөн тартып, мага банктык кызматтарды көрсөтүүнүн бүткүл мөөнөтүнүн ичинде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалыматтарды сактоо мөөнөтүнүн ичинде колдонулат;

2) жазуу жүзүндөгү суроо-талап боюнча менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга тиешелүү маалыматты алууга укуктуумун (Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинин 73-беренесине ылайык).

3) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук эркин формадагы жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде кайтарылып алынышы мүмкүн.

4) ушул макулдук кайтарылып алынган учурда Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинин 79 жана 83-беренелерине ылайык жеке маалыматтарды иштеп чыгуу толук же жарым-жартылай улантылышы мүмкүн.

5) бул документ Банктын кредит берүү боюнча милдеттенмелерин алып келбейт.

6) мен жогоруда баяндалган бардык маалыматтардын анык экенин тастыктайм.

| | |
|---|---|
| «Кыргыз инвестициялык-кредит банкы» ЖАК<br><br>Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Эркиндик бул., 21 | Зайымчы:<br><br>ИЖН:<br><br>Дата: |